# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2023-жылдын 14-марты № 140*

## Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мамлекеттик турак жай саясаты чөйрөсүндөгү айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

"Мамлекеттик ипотекалык турак жай насыясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 13-июлундагы № 75 "Кыргыз Республикасынын "Менин үйүм 2021-2026" турак жай программасын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын "Менин үйүм 2021-2026" турак жай программасында:

- 20-пункттун 6-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"6) инвестициялык каражаттарды берүүдө эл аралык донорлордун өзгөчөлүгүн жана шарттарын эске алып, ошондой эле республикалык бюджеттин каражаттарынын чектелүү экендигин көңүлгө алуу менен ушул Программанын алкагында турак жайды каржылоонун үч негизги багыты аныкталат: "Социалдык ипотека", "Жеңилдетилген ипотека" жана "Арзан ипотека". "Социалдык ипотека" багыты боюнча негизинен "Кийин сатып алуу менен ижаралык турак жай" механизмин ишке ашыруу пландалууда. "Жеңилдетилген ипотека" багыты артыкчылыктуу түрдө контракттык турак жай-аманат системасы аркылуу ишке ашырылат. "Арзан ипотека" багыты боюнча турак жайды каржылоо иштеген чөйрөсүнө карабастан өлкөнүн бардык жарандары үчүн жеткиликтүү болот.";

2) Кыргыз Республикасынын "Менин үйүм 2021-2026" турак жай программасынын катышуучуларын тандоо тартиби ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 217 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мамлекеттик турак жай саясаты чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 2-пунктунун 3-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.Жапаров**

Тиркеме

"3-тиркеме

## Кыргыз Республикасынын "Менин үйүм 2021-2026" турак жай программасынын катышуучуларын тандоо ТАРТИБИ

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Бул Кыргыз Республикасынын "Менин үйүм 2021-2026" турак жай программасынын катышуучуларын тандоо тартиби (мындан ары - Тартип) тандоо критерийлерин, катышуучуларды түзүү жана тандоо тартибин белгилейт, ипотекалык кредиттерди, болгон турак жайын капиталдык оңдоого кредиттерди берүүнүн шарттарын, кийин сатып алуу менен турак жайды ижарага берүүнүн, болгон турак жайын кеңейтүүнүн шарттарын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын "Менин үйүм 2021-2026" турак жай программасын (мындан ары - Программа) ишке ашыруунун алкагында сатып алынуучу турак жайга карата талаптарды аныктайт.

2. Бул Тартипте төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр колдонулат:

1) **Программанын катышуучусу** - Программага катышууга арыз берген, ушул Тартиптин тандоо критерийлерине ылайык келген жана Программага катышкан Кыргыз Республикасынын жараны;

2) **тандоо критерийлери** - ушул Тартипте белгиленген, Программага катышуу үчүн жарандарга карата талаптар;

3) **турак жай (мындан ары - турак үй)** - ушул Тартиптин критерийлерине жооп берген турак жай фондунун өзүнчө бирдиги (жеке турак үй, жеке турак үйдүн бир бөлүгү, көп батирлүү үйдөгү батир);

4) **"Мамлекеттик ипотекалык компания" ачык акционердик коому (мындан ары - МИК)** - турак жайга ипотекалык кредит берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган, ачык акционердик коом формасында түзүлгөн юридикалык жак, анын ишинин предметтеринин бири Программаны ишке ашыруу болуп саналат;

5) **Кызматташуу жөнүндө макулдашуу** - Программаны ишке ашыруунун алкагында Программанын катышуучуларына турак үйдү сатып алууга, курууга жана болгон турак үйүн капиталдык оңдоого ипотекалык кредиттерди кайра каржылоого же каржылоого өнөктөш банктарга инвестициялык акча каражаттарын берүү тууралуу өнөктөш банк менен МИКтин ортосунда түзүлгөн Кызматташуу жөнүндө башкы макулдашуу. Ошондой эле Кызматташуу жөнүндө макулдашууда ипотекалык кредиттер боюнча талаптарды МИКтин пайдасына өткөрүп берүү укугу каралган;

6) **өнөктөш банк** - Программанын катышуучуларына ипотекалык кредиттерди каржылоого жана кайра каржылоого жана ипотекалык кредиттер боюнча талаптарды МИКтин пайдасына өткөрүп берүүгө инвестициялык акча каражаттарын берүү боюнча МИК менен кызматташуу жөнүндө Башкы макулдашууну түзгөн финансы-кредиттик мекеме;

7) **иш стажы** - уюмдагы ишинин узактыгы же болбосо ишкердикти/экономикалык ишти жүргүзгөн мезгил;

8) **төлөө жөндөмдүүлүгү** - Программанын катышуучусунун кредиттик келишимди, кийин сатып алуу менен ижара, лизинг келишимин түзүүдөн келип чыккан финансылык милдеттенмелерди өз убагында жана толугу менен аткаруу жөндөмдүүлүгү;

9) **айыл жергеси** - шаарларды (республикалык, облустук жана райондук маанидеги) кошпогондо, калктуу конуштар;

10) **турак жай-аманат кредиттик системасы (мындан ары - ТАКС)** - аманатчылардын акча каражаттарын турак жай-аманат салымдарына (депозиттерине) токтоого жана кийин аларга башкы макулдашуунун жана/же кредиттик келишимдин шарттарына ылайык узак мөөнөттүү максаттуу кредиттерди берүүгө негизделген турак жайды каржылоо системасы;

11) **турак жай-аманат кредиттик компаниясы (мындан ары - ТАКК)** - иши аманатчылардын акча каражаттарын турак жай-аманат салымдарына (депозиттерге) топтоого жана анын аманатчыларына жеке курулуш, турак үйлөрдү же батирлерди сатып алуу үчүн же мамлекеттик турак жай программаларынын алкагында турак жай шарттарын жакшыртуу үчүн кредиттерди берүүгө багытталган, айрым банктык операцияларды жүргүзүү укугуна Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясына ээ банктык эмес финансы-кредиттик уюм;

12) **МИК-ТАКК ипотекалык кредити** - кийин МИК тарабынан сатып алынып/курулуп жаткан турак үйдүн наркынын 40%ынан ашпаган жана ТАКК тарабынан 30%дан кем эмес өлчөмдө кошо

каржылоо менен ТАККга турак жай-аманат салымы (депозит) аркылуу баштапкы төгүмдү милдеттүү топтоону караган турак үй сатып алууга же жеке турак үй курууга кредит;

13) **башкы макулдашуу** - ТАКК менен Программанын катышуучусунун ортосундагы башкы макулдашуу, ал турак жай-аманат салымынын (депозитинин) жана кийин ипотекалык кредитти берүү келишиминин негизги шарттарын камтыйт;

14) **турак жай-аманат салымы (депозит)** - турак жай-аманат кредиттик компаниясынын аманатчылары тарабынан турак жай-аманат кредиттик компаниясынын эсебине салынган жана турак жай-аманат кредиттик компаниясынын аманатчысынын турак жай шарттарын жакшыртууга багытталган улуттук валютадагы акча каражаттарынын суммасы;

15) **турак жай-аманат салымынын (депозитинин) келишими** - ТАКК менен катышуучунун ортосундагы келишим, ал боюнча катышуучу Башкы макулдашууга ылайык кредит алуу үчүн ТАККдагы эсептеги жеке акча каражаттарынын белгиленген суммасын топтойт;

16) **баалоо көрсөткүчү** - кредит берүү шарттарын (кредит алуу мөөнөтүн, кредит берүү мөөнөтүн, пайыздык ставканы жана башка шарттарды) белгилөө үчүн Программанын катышуучусунун финансылык тартибинин индикатору катары чыгуучу келишимдик суммаларды төлөө кезегин түзүү үчүн Программанын катышуучусу менен Башкы макулдашууда ТАКК тарабынан аныкталган эсептик чоңдук;

17) **турак жайды каржылоо** - турак үйдү сатып алуу же куруу механизмдеринин жыйындысы: МИК-ТАКК ипотекалык кредити, МИКтин өнөктөш банктары аркылуу ипотекалык кредит, кийин сатып алуу менен турак жайды ижарага берүү, каржылоонун исламдык принциптери боюнча турак жай менен камсыздоо, лизинг жана каржылоонун "жашыл" принциптерин колдонуу менен турак жайга кредит берүү;

18) **күтүү мезгили** - кредит алууну күтүү мезгили, катышуучу Башкы макулдашуунун бардык шарттарын аткарган учурдан тартып катышуучу ипотекалык кредит алган учурга чейин 6 (алты) айга чейинки убакыт аралыгы;

19) **Координациялык кеңеш** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-августундагы 276-б буйругу менен түзүлгөн Мамлекеттик турак жай саясатынын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү боюнча координациялык кеңеш;

20) **ипотекалык кепилдик** - кепилдик фонддорунун МИКтин өнөктөш банкынын алдындагы берилген ипотекалык кепилдиктин суммасынын чегинде Программанын катышуучусунун кепилдик фонддордун негизги карызы боюнча милдеттенмелеринин бөлүгүнүн аткарылышы үчүн жоопкерчилик тартуу милдеттенмеси.

## 2-глава. Турак жайды каржылоо багыттары боюнча Программанын катышуучуларын тандоо критерийлери

3. "Жеңилдетилген ипотека" багыты боюнча турак жайды каржылоо төмөнкү тандоо критерийлерине ылайык келген жарандарга жеткиликтүү болот:

| № | Турак жайды каржылоо механизми | Жарандардын категориясы | Тандоо критерийлери |
|---|---|---|---|
| 1 | МИК-ТАКК ипотекалык кредити.<br>МИКтин турак жайды каржылоо механизмдери (банктар аркылуу ипотекалык кредит берүү, кийин сатып алуу менен ижарага алынган турак үй жана башка | Мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жана алардын ведомстволук уюмдарында жана ишканаларында, мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарында, мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдарында, мамлекеттик телерадио | - курактык ценз Программага катышууга арыз берген учурда 21 (жыйырма бир) жаштан тартып пландуу төлөө графиктерине ылайык ипотекалык кредиттин же ижара төлөмдөрүнүн акыркы суммасын төлөө учуруна 70 (жетимиш) жашка чейин;<br>- 2 (эки) жылдан кем эмес жалпы иш стажынын же ушул уюмда 1 (бир) жылдан кем эмес иш |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | механизмдер) | уюмдарында, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарда иштеген жарандар | стажынын болушу;<br>- катышуучуда, катышуучунун жубайында жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Кыргыз Республикасынын аймагында жеке турак үйүнүн жоктугу;<br>- катышуучуда, катышуучунун жубайында жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Программага катышууга арыз берген күнгө чейин жана турак жайды каржылоону алган учурда акыркы 3 (үч) жыл ичинде Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында турак жайга менчик укугун өткөрүп берүүгө байланышкан кандайдыр бир жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн жоктугу;<br>- катышуучунун төлөө жөндөмдүүлүгү |

4. "Арзан ипотека" багыты боюнча турак жайды каржылоо төмөнкү тандоо критерийлерине ылайык келген жарандарга жеткиликтүү болот:

| № | Турак жайды каржылоо механизми | Жарандардын категориясы | Тандоо критерийлери |
|---|---|---|---|
| 1 | МИК-ТАКК ипотекалык кредити | Шаарларда иштеген чөйрөсүнө карабастан жарандар | - куракттык ценз Программага катышууга арыз берген учурда 21 (жыйырма бир) жаштан тартып пландуу төлөө графиктерине ылайык ипотекалык кредиттин же ижара төлөмдөрүнүн акыркы суммасын төлөө учуруна 70 (жетимиш) жашка чейин;<br>- 2 (эки) жылдан кем эмес жалпы иш стажынын же ушул уюмда/ишкердик/экономикалык ишти жүргүзүү мезгилинде 1 (бир) жылдан кем эмес иш стажынын болушу;<br>- катышуучуда, катышуучунун жубайында жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Кыргыз Республикасынын аймагында жеке турак үйүнүн жоктугу;<br>- катышуучуда, катышуучунун жубайында жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Программага катышууга арыз берген күнгө чейин жана турак жайды каржылоону алган учурда акыркы 3 (үч) жыл ичинде Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында турак жайга менчик укугун өткөрүп берүүгө байланышкан кандайдыр бир жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн жоктугу;<br>- катышуучунун төлөө жөндөмдүүлүгү |
| 2 | МИКтин турак жайды | Иштеген | - куракттык ценз Программага катышууга арыз |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | каржылоо механизмдери (банктар аркылуу ипотекалык кредит берүү, кийин сатып алуу менен ижарага алынган турак жай жана башка механизмдер) | чөйрөсүнө карабастан жарандар | берген учурда 21 (жыйырма бир) жаштан тартып пландуу төлөө графиктерине ылайык ипотекалык кредиттин же ижара төлөмдөрүнүн акыркы суммасын төлөө учуруна 70 (жетимиш) жашка чейин;<br>- жалпы иш стажынын/ишкердик/экономикалык иш жүргүзүү мезгилинин 7 (жети) жылдан кем эмес болушу;<br>- катышуучуда, катышуучунун жубайында жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Кыргыз Республикасынын аймагында жеке турак үйүнүн жоктугу;<br>- катышуучуда, катышуучунун жубайында жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Программага катышууга арыз берген күнгө чейин жана турак жайды каржылоону алган учурда акыркы 3 (үч) жыл ичинде Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында турак жайга менчик укугун өткөрүп берүүгө байланышкан кандайдыр бир жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн жоктугу;<br>- акыркы 2 (эки) жыл ичинде катышуучунун никеси бузулган учурда катышуучунун мурунку жубайында Программага катышууга арыз берген күнгө чейин акыркы 2 (эки) жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында турак үйдүн жана турак үйгө байланышкан кандайдыр бир жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн жоктугу;<br>- катышуучунун төлөө жөндөмдүүлүгү |

5. "Социалдык ипотека" багыты боюнча турак жайды каржылоо төмөнкү тандоо критерийлерине ылайык келген жарандарга жеткиликтүү болот:

| № | Турак жайды каржылоо механизми | Жарандардын категориясы | Тандоо критерийлери |
|---|---|---|---|
| 1 | МИКтин турак жайды каржылоо механизмдери (банктар аркылуу ипотекалык кредит берүү, кийин сатып алуу менен ижарага алынган турак жай жана башка механизмдер) | Мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жана алардын ведомстволук уюмдарында жана ишканаларында, мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарында, мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдарында, мамлекеттик телерадио уюмдарында жана мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарда иштеген жарандар | - курактык ценз пландуу төлөө графиктерине ылайык ипотекалык кредиттин же ижара төлөмдөрүнүн акыркы суммасын төлөө учуруна 70 (жетимиш) жашка чейин;<br>- ушул пунктта көрсөтүлгөн мекемелерде жалпы иш стажынын 15 (он беш) жылдан кем эмес болушу;<br>- катышуучуда, катышуучунун жубайында жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Кыргыз Республикасынын аймагында жеке турак үйүнүн жана коммерциялык кыймылсыз мүлктүн жоктугу;<br>- катышуучуда, катышуучунун жубайында жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Программага |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | катышууга арыз берген күнгө чейин жана турак жайды каржылоону алган учурда акыркы 5 (беш) жыл ичинде Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында турак жайга жана коммерциялык кыймылсыз мүлккө менчик укугун өткөрүп берүүгө байланышкан кандайдыр бир жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн жоктугу;<br>- катышуучунун төлөө жөндөмдүүлүгү;<br>- акыркы 2 (эки) жыл ичинде катышуучунун никеси бузулган учурда катышуучунун мурунку жубайында Программага катышууга арыз берген күнгө чейин акыркы 2 (эки) жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында турак үйдүн жана турак үйгө байланышкан кандайдыр бир жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн жоктугу |
| 2 | МИКтин турак жайды каржылоо механизмдери (банктар аркылуу ипотекалык кредит берүү, кийин сатып алуу менен ижарага алынган турак жай жана башка механизмдер) | Иштеген чөйрөсүнө карабастан көп балалуу үй-бүлө | - куракт ык ценз пландуу төлөө графиктерине ылайык ипотекалык кредиттин же ижара төлөмдөрүнүн акыркы суммасын төлөө учуруна 70 (жетимиш) жашка чейин;<br>- 2 (эки) жылдан кем эмес жалпы иш стажынын же ушул уюмда/ишкердик/экономикалык ишти жүргүзүү мезгилинде 1 (бир) жылдан кем эмес иш стажынын болушу;<br>- 21 (жыйырма бир) жашка чейинки курактагы 5тен (бештен) кем эмес баланын болушу;<br>- катышуучуда, катышуучунун жубайында жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Кыргыз Республикасынын аймагында жеке турак үйүнүн жоктугу;<br>- катышуучуда, катышуучунун жубайында жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Программага катышууга арыз берген күнгө чейин жана турак жайды каржылоону алган учурда акыркы 3 (үч) жыл ичинде Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында турак жайга менчик укугун өткөрүп берүүгө байланышкан кандайдыр бир жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн жоктугу;<br>- катышуучунун төлөө жөндөмдүүлүгү |
| 3 | МИКтин турак | Иштеген чөйрөсүнө карабастан | - курактык ценз Программага |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жайды каржылоо механизмдери (банктар аркылуу ипотекалык кредит берүү, кийин сатып алуу менен ижарага алынган турак жай жана башка механизмдер) | ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам же ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды багып жаткан адамдар же үй-бүлөсүнүн курамында ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар барлар | катышууга арыз берген учурда 21 (жыйырма бир) жаштан тартып пландуу төлөө графиктерине ылайык ипотекалык кредиттин же ижара төлөмдөрүнүн акыркы суммасын төлөө учуруна 70 (жетимиш) жашка чейин;<br>- 2 (эки) жылдан кем эмес жалпы иш стажынын же ушул уюмда/ишкердик/экономикалык ишти жүргүзүү мезгилинде 1 (бир) жылдан кем эмес иш стажынын болушу;<br>- катышуучуда, катышуучунун жубайында жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Кыргыз Республикасынын аймагында жеке турак үйүнүн жоктугу;<br>- катышуучуда, катышуучунун жубайында жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Программага катышууга арыз берген күнгө чейин жана турак жайды каржылоону алган учурда акыркы 3 (үч) жыл ичинде Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында турак жайга менчик укугун өткөрүп берүүгө байланышкан кандайдыр бир жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн жоктугу;<br>- катышуучунун төлөө жөндөмдүүлүгү |
| 4 | МИКтин турак жайды каржылоо механизмдери (банктар аркылуу ипотекалык кредит берүү, кийин сатып алуу менен ижарага алынган турак жай жана башка механизмдер) | Туулгандыгы тууралуу күбөлүктө ата-энесинин бири тууралуу жазуу жок жашы жете элек баласы/балдары бар жарандар (никеде турбаган). Жашы жете элек баласы/балдары бар жесирлер (никеде турбаган) | - куракты ценз Программага катышууга арыз берген учурда 21 (жыйырма бир) жаштан тартып пландуу төлөө графиктерине ылайык ипотекалык кредиттин же ижара төлөмдөрүнүн акыркы суммасын төлөө учуруна 70 (жетимиш) жашка чейин;<br>- 2 (эки) жылдан кем эмес жалпы иш стажынын же ушул уюмда/ишкердик/экономикалык ишти жүргүзүү мезгилинде 1 (бир) жылдан кем эмес иш стажынын болушу;<br>- катышуучуда жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Кыргыз Республикасынын аймагында жеке турак үйүнүн жоктугу;<br>- катышуучуда жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Программага катышууга арыз берген күнгө чейин жана турак жайды каржылоону алган учурда акыркы 3 (үч) жыл ичинде Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында турак жайга менчик укугун өткөрүп берүүгө байланышкан кандайдыр бир |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн жоктугу;<br>- катышуучунун төлөө жөндөмдүүлүгү |
| 5 | МИКтин турак жайды каржылоо механизмдери (банктар аркылуу ипотекалык кредит берүү, кийин сатып алуу менен ижарага алынган турак жай жана башка механизмдер) | Иштеген чөйрөсүнө карабастан айыл жергесинде иштеген жана экономикалык/ишкердик ишти жүргүзгөн жаш адистер | - куррактык ценз Программага катышууга арыз берген учурда 21 (жыйырма бир) жаштан 28 (жыйырма сегиз) жашка чейин;<br>- 2 (эки) жылдан кем эмес жалпы иш стажынын же ушул уюмда/ишкердик/экономикалык ишти жүргүзүү мезгилинде 1 (бир) жылдан кем эмес иш стажынын болушу;<br>- катышуучуда, катышуучунун жубайында жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Кыргыз Республикасынын аймагында жеке турак үйүнүн жоктугу;<br>- катышуучуда, катышуучунун жубайында жана катышуучунун жашы жете элек балдарында Программага катышууга арыз берген күнгө чейин жана турак жайды каржылоону алган учурда акыркы 3 (үч) жыл ичинде Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында турак жайга менчик укугун өткөрүп берүүгө байланышкан кандайдыр бир жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн жоктугу;<br>- турак үй айыл жергесинде иштеген жери боюнча сатылып алынат;<br>- катышуучунун төлөө жөндөмдүүлүгү |

6. Программаны тандоо критерийлерине карата эскертүүлөр:

1) катышуучуда, жубайында жана катышуучунун жашы жете элек балдарында турак жайда 20 (жыйырма) кв.м ашпаган жалпы үлүшү болгон учурда Программага катышууга уруксат берилет, эгерде аларда Программага катышууга арыз берген күнгө чейин жана турак жайды каржылоону алган учурда акыркы 3 (үч) жыл ичинде Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында турак жайга менчик укугун өткөрүп берүүгө байланышкан кандайдыр бир жарандык-укуктук бүтүмдөр жок болсо;

2) катышуучунун, катышуучунун жубайынын жана катышуучунун жашы жете элек балдарынын мыйзам боюнча мураска калган турак жайда 20 кв.м ашпаган үлүшү болсо, Программага катышууга уруксат берилет. Катышуучунун, катышуучунун жубайынын жана катышуучунун жашы жете элек балдарынын мыйзам боюнча мураска калган турак жайда 20 (жыйырма) кв.м ашпаган үлүшүнө байланышкан жарандык-укуктук бүтүм болгон учурда Программага катышууга уруксат берилет;

3) ТАККтын турак жайды каржылоонун жеке механизмдери боюнча ТАКСтын алкагында, МИКтин кошо каржылоосуз ушул Тартиптин критерийлерин эске албастан Программага Кыргыз Республикасынын жарандарынын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары иштеген жарандардын катышуусуна уруксат берилет. Турак жайды каржылоонун шарттары ТАКК тарабынан белгиленет;

4) болгон турак үйүн капиталдык оңдоо жана кеңейтүү механизмдеринин алкагында Программага жеке турак үйү бар Кыргыз Республикасынын жарандарына катышууга уруксат берилет. Тандоо критерийлери жана турак жайды механизмдер боюнча каржылоонун шарттары

Программанын бул механизмдерин ишке ашыруу үчүн инвестициялык каражаттарды берген донорлор/инвесторлор менен түзүлгөн өкмөттөр аралык жана башка макулдашуулардын шарттарына ылайык иштелип чыгат;

5) Координациялык кеңеш калктын социалдык жактан корголбогон категориялары үчүн турак үй берүү тартибин жана шарттарын аныктайт. Турак жайды каржылоо үчүн ресурстардын булактарын эске алуу менен калктын социалдык жактан корголбогон категорияларынын тизмеси Координациялык кеңештин кароосуна жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларын колдоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы тарабынан киргизилет;

6) Программаны ишке ашыруу үчүн инвестициялык каражаттарды берген донорлор/инвесторлор менен түзүлгөн өкмөттөр аралык жана башка макулдашууларга ылайык "Арзан ипотека" багыты боюнча турак жайды каржылоонун кошумча критерийлери жана шарттары белгилениши мүмкүн;

7) кийин сатып алуу менен ижара турак үй механизми боюнча тандоонун кошумча критерийлери жана шарттары Координациялык кеңештин чечими менен белгилениши мүмкүн;

8) мамлекеттик органдардын жана ведомстволордун сунушу боюнча Координациялык кеңештин чечими менен "Социалдык ипотека" багытына жарандардын кошумча категориялары киргизилиши мүмкүн;

9) катышуучу, ошондой эле катышуучунун жубайынын программанын алкагында турак жайдын каржылоосу менен 1 (бир) жолудан көп эмес камсыз кылынат;

10) бул Тартиптин ченемдери 2023-жылдын 15-февралынан кийин программага катышууга электрондук арыз берген катышуучулар үчүн, 2023-жылдын 14-февралына чейин программага катышууга электрондук арыз берген катышуучулар үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 13-июлундагы № 75 токтому менен бекитилген Тартиптин редакциясы, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 217 токтомунун редакциясында колдонулат.

## 3-глава. Катышуучулардын тизмесин түзүү жана аларды тандоо

7. Программанын катышуучуларынын тизмелерин түзүүнүн ачык айкындыгын камсыздоо максатында, МИК автоматташтырылган маалымат системасы аркылуу Программага катышуу үчүн өтүнмөлөрдү берүүнүн электрондук формасын киргизди.

8. Жарандар Программага катышууга арыздардын электрондук формасын МИКтин расмий веб-сайтында каттоо жолу менен, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык электрондук кызматтарды көрсөтүүчү платформалар, анын ичинде уюлдук операторлордун жана ТАККнын мобилдик тиркемелери аркылуу беришет.

9. Өтүнмөнү электрондук формада өз алдынча берүү мүмкүндүгү болбогон учурда жарандар МИКтин веб-сайтындагы автоматташтырылган маалымат системасы аркылуу өтүнмөнү электрондук формада берүү үчүн шаарлардын мэрияларына (Бишкек шаарынын мэриясын кошпогондо), административдик райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрацияларына, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, МИКтин өнөктөш банктарына жана ТАККга кайрыла алышат.

10. Автоматташтырылган маалымат системасы менен МИКтин веб-сайтында иштөө үчүн шаарлардын мэрияларынын (Бишкек шаарынын мэриясын кошпогондо), административдик райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрацияларынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана МИКтин өнөктөш банктарынын ыйгарым укуктуу кызмат адамдары МИКтин веб-сайтындагы автоматташтырылган маалымат системасында авторизациялоодон өтөт.

11. Жарандар кайрылганда шаарлардын мэрияларынын (Бишкек шаарынын мэриясын кошпогондо), административдик райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрацияларынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, МИКтин өнөктөш банктарынын жана ТАККнын ыйгарым укуктуу кызмат адамдары:

1) жарандарды веб-сайтта каттайт;

2) МИКтин веб-сайтында катталган жарандарды идентификациялоо жол-жобосун өткөрөт;

3) ушул Тартиптин тиркемесине ылайык форма боюнча жеке маалыматтарды иштетүүгө жарандын жана анын жубайынын жазуу жүзүндөгү макулдугун алат. Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жазуу жүзүндөгү макулдук мобилдик тиркемелерди колдонуу мүмкүнчүлүгү болбогон өзгөчө учурда кабыл алынат;

4) Программага катышууга акыркы электрондук өтүнмөнү түзөт;

5) Программага катышууга акыркы электрондук өтүнмө катталган күндөн тартып 3 (үч) айдын ичинде түзүлүүгө тийиш, андай болбогон учурда толтурулган өтүнмөсү жок каттоо МЭКтин веб-сайтынан өчүрүлөт;

6) электрондук өтүнмөнү ар бир өзгөртүүдө жана кароонун ар бир этабында Программанын катышуучусуна билдирүү телефондун уюлдук номерине, электрондук почтасына жөнөтүлөт, ошондой эле Программанын катышуучусунун электрондук порталдагы жеке кабинетинде тиешелүү маалымат жайгаштырылат.

МИКтин веб-сайтында катталган жарандар электрондук мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүчү ар кандай платформалар аркылуу, анын ичинде уюлдук операторлордун жана ТАККнын мобилдик тиркемелери аркылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 31-декабрындагы № 748 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын бирдиктүү идентификациялоо системасы жөнүндө жобого ылайык Бирдиктүү идентификациялоо системасы - БИС аркылуу, ошондой эле электрондук мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүчү платформалар аркылуу, аларды пайдалануу менен жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук берүүгө болот.

12. Шаарлардын мэриялары (Бишкек жана Ош шаарларынын мэрияларын кошпогондо), жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана МИКтин өнөктөш банктары жарандын жана жубайынын жазуу жүзүндөгү макулдугунун түп нускаларын жалпылайт жана жеке маалыматтарды иштетүүгө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарына жиберет. Бишкек шаарынын мэриясынын административдик райондор боюнча муниципалдык администрациялары жарандын жана жубайынын жазуу жүзүндөгү макулдугунун түп нускаларын жалпылайт жана жеке маалыматтарды иштетүүгө Бишкек шаарынын мэриясына, ал эми МИКтин өнөктөш банктары - банктын башкы офисине жиберет. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары жана МИКтин өнөктөш банктары жеке маалыматтарды иштетүүгө жарандардын жана жубайынын жазуу жүзүндөгү макулдугунун түп нускаларын МИКке ар бир айдын 30уна чейинки мөөнөттө жиберип турушат.

13. Программага катышууга электрондук өтүнмөнү жана жеке маалыматтарды иштетүүгө жарандардын макулдугунун түп нускаларын алгандан кийин МИК/ТАКК ведомстволор аралык электрондук аракеттенүү системасы аркылуу ушул Тартиптин тандоо критерийлерине шайкештигин текшерүү үчүн Программанын катышуучусу жана алардын жубайы тууралуу керектүү маалыматты мамлекеттик органдардан суратып алат.

14. МИК/ТАКК тарабынан Программанын тандоо критерийлерине шайкештигин текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча МИКтин автоматташтырылган маалыматтык системасында Программанын катышуучуларынын электрондук тизмеси түзүлөт.

15. МИКтин автоматташтырылган маалыматтык системасында Программанын катышуучуларынын электрондук тизмелери турак жайды каржылоо механизмине жараша каралат:

- өнөктөш банктар МИКтин автоматташтырылган маалыматтык системасында Программанын катышуучуларынын электрондук тизмесин карап чыгат, катышуучунун төлөө жөндөмдүүлүгүн талдоодон кийин ипотекалык кредит берүү же ипотекалык кредит берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат;

- МИК автоматташтырылган маалыматтык системада Программанын катышуучуларынын электрондук тизмесин карайт жана катышуучунун төлөө жөндөмдүүлүгүн талдап чыгып, кийин сатып алуу менен турак үйдү ижарага берүү жөнүндө чечим кабыл алат;

- катышуучу ТАКК менен Башкы макулдашуу түзөт.

16. Турак жайды каржылоого кайрылбаган катышуучулардын электрондук өтүнмөлөрүнүн колдонулуу мөөнөтү 1 (бир) жылды түзөт.

## 4-глава. МИКтин өнөктөш банктары аркылуу ипотекалык кредит берүүнүн шарттары

| № | Ипотекалык кредиттин параметрлери | Эскертүү |
|---|---|---|
| 1 | Программанын катышуучусу (максаттуу топ) | "Социалдык ипотека" жана "Арзан ипотека", анын ичинде "Жеңилдетилген ипотека" багыттары боюнча тандоо критерийлерине жооп берген жарандар |
| 2 | Ипотекалык кредиттин максаттуу багыты | Турак үйдү сатып алуу, этабы менен каржылоо механизмдерин пайдалануу аркылуу жашаган жери боюнча калктуу конуштагы жер участогу бар болсо, турак үй (жеке турак жай) куруу.<br>Программанын катышуучусунун үй-бүлөсүнүн сатып алынган/курулган турак үйдө жашоосу милдеттүү шарт болуп саналат |
| 3 | Ипотекалык кредитти берүү формасы | Катышуучунун өнөктөш банктагы банктык эсебине акча каражаттарын чегерүү аркылуу накталай эмес форма |
| 4 | Ипотекалык кредитти берүү мөөнөттөрү | Өнөктөш банк тарабынан катышуучуга ипотекалык кредит берүү жөнүндө чечим кабыл алынган учурдан тартып 15 күнгө чейинки мөөнөттө |
| 5 | Ипотекалык кредиттин валютасы | Кыргыз сому |
| 6 | Ипотекалык кредиттин суммасы | "Арзан ипотека" турак жайын каржылоо багыты боюнча:<br>- 5000000 (беш миллион) сомго чейин |
| | | "Социалдык ипотека" жана "Жеңилдетилген ипотека" турак жайын каржылоо багыты боюнча:<br>- 4000000 (төрт миллион) сомго чейин |
| 7 | Ипотекалык кредиттин мөөнөтү | "Мамлекеттик ипотекалык турак жай насыясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык белгиленет |
| 8 | Ипотекалык кредиттин суммасын аныктоо критерийлери жана катышуучунун төлөө жөндөмдүүлүгү | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын жана өнөктөш банктын ички документтеринин талаптарына ылайык аныкталат |
| 9 | Комиссиянын түрлөрү жана өлчөмү | Кепилдик фонддорунун ипотекалык кепилдигин баштапкы төлөм катары пайдалангандыгы үчүн комиссиядан тышкары, ипотекалык кредитти башкаруу үчүн эч кандай комиссия жана башка кошумча төлөмдөр жок |
| 10 | Катышуучунун чыгымдары | Ипотекалык кредит алуу үчүн күрөө келишимин тариздөө жана каттоо, ошондой эле турак үйдү камсыздандыруу жана кредиттик таржымалы жөнүндө маалымат алуу үчүн суроо-талаптар үчүн чыгымдар |
| 11 | Турак үйдү камсыздандыруу | Ипотекалык кредиттин предмети болгон турак үй "Турак жайды өрттөн жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык "Мамлекеттик камсыздандыруу уюму" ачык акционердик коомунда жыл сайын милдеттүү |

| | | |
|---|---|---|
| | | камсыздандырылууга тийиш. Ошол эле учурда камсыздандыруу суммасы ипотека менен камсыздалган талаптын өлчөмүнөн (суммасынан) кем болбошу керек |
| 12 | Ипотекалык кредитти төлөө тартиби | Ипотекалык кредитти жана пайыздарды төлөө кол коюлган кредиттик келишимге ылайык ай сайын жүргүзүлөт |
| 13 | Ипотекалык кредитти толугу менен же жарым-жартылай мөөнөтүнөн эрте төлөөнүн шарттары | Ипотекалык кредит толугу менен же жарым-жартылай мөөнөтүнөн эрте төлөнгөн учурда комиссия алынбайт |
| 14 | Ипотекалык кредитти реструктуризациялоо шарттары | Жол-жоболору өнөктөш банктын ички талаптарына ылайык. Ипотекалык кредит боюнча пайыздык ставка жогорулаган шартта ипотекалык кредиттин предметин (күрөөнү) алмаштырууга жол берилет.<br>Ипотекалык кредитти реструктуризациялоо үчүн комиссия алынбайт |
| 15 | Ипотекалык кредит боюнча баштапкы төгүм (жеке салымы) жана пайыздык ставкалар | Программанын алкагында турак жайды каржылоо боюнча пайыздык ставка мамлекеттин макроэкономикалык саясатын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча жоопту болгон аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы тарабынан белгиленет.<br>Баштапкы төлөм:<br>- "Социалдык ипотека" багыты боюнча турак үйдүн наркынан 10%дан кем эмес;<br>- "Жеңилдетилген ипотека" жана "Арзан ипотека" багыттары боюнча турак үйдүн наркынан 20%дан кем эмес.<br>Катышуучунун өздүк салымы болбогон учурда өнөктөш банктын ыктыяры боюнча кошумча күрөөнү берүүгө, ошондой эле кепилдик фонддордун финансылык инструменттерин колдонууга жол берилет |
| 16 | Ипотекалык кредитти камсыз кылуу | Ипотекалык кредитке сатып алынуучу турак үй.<br>Курулуш мезгилиндеги жер участогу жана курулуштан кийинки жеке турак жай.<br>Курулуш мезгилинде үлүштүк курулуш келишиминин шарттарында курулуп жаткан турак үйгө мүлктүк укук жана курулуштан кийинки турак үй.<br>Ипотекалык кепилдик - зарылдыгына жараша. Берилген ипотекалык кепилдикке барабар болгон ипотекалык кредиттин негизги суммасы жоюлган учурга чейин колдонулат |
| 17 | Ипотекалык кредиттин катышуучуларына мониторинг жүргүзүү | МИК ипотекалык кредитти максаттуу пайдаланууга, ошондой эле күрөөлүк камсыздоонун абалына жана өнөктөш банктар тарабынан Кызматташуу жөнүндө макулдашуулар боюнча милдеттенмелердин аткарылышына мониторинг жүргүзөт |

## 5-глава. Кийин сатып алуу менен турак үйдү ижарага берүү шарттары

| № | Параметрлер | Эскертүү |
|---|---|---|
| 1 | Программанын катышуучусу (максаттуу топ) | "Социалдык ипотека", "Арзан ипотека" жана "Жеңилдетилген ипотека" багыттары боюнча тандоо критерийлерине жооп берген жарандар |

| | | |
|---|---|---|
| 2 | Максаттуу багыты | МИКтин турак жай фондунан кийин сатып алуу менен турак үйдү ижарага алуу |
| 3 | Ижара предмети | МИКтин турак жай фондунан даяр же курулуп жаткан турак үй |
| 4 | Ижара мөөнөтү | Ижаранын минималдуу мөөнөтү - 5 (беш) жылдан кем эмес.<br>Ижаранын максималдуу мөөнөтү - 25 (жыйырма беш) жылдан ашык эмес (каржылоо булактарына жараша) |
| 5 | Валюта | Кыргыз сому |
| 6 | Төлөө графигине жана ижара келишимине ылайык турак үйдүн наркы толугу менен төлөнгөнгө чейин менчик укугу | МИК |
| 7 | Менчик укугунун ижарачыга өтүү мөөнөтү | Төлөө мөөнөтү бүткөндө же турак үйдүн толук наркы мөөнөтүнөн мурда төлөнгөн учурда. Ижара келишиминин тиркемесине ылайык акыркы сумма төлөнгөндөн кийин 30 (отуз) жумуш күндүн ичинде ижара объектин ижарачынын менчигине тариздөө мөөнөтү (төлөө графиги) |
| 8 | Ижара төлөмүнүн суммасы | Эсептөөлөр турак үйдүн 1 (бир) квадрат метринен алынат.<br>(Эсептөө методикасы коммуналдык кызматтарга жана ижара объектин талаптагыдай абалда кармоого кеткен чыгымдарды кошпогондо, батирдин наркынын бөлүгүнөн, ижара акысынан, ижара объектин камсыздандыруудан турат) |
| 9 | Комиссиялардын түрлөрү жана өлчөмү | Башкаруу үчүн кандайдыр бир комиссиялык жыйымдар жок. Ай сайын ижара төлөмдөрүн кабыл алуу үчүн комиссия - өнөктөш банктын тарифтерине ылайык |
| 10 | Ижара акысы жана баштапкы төгүм (өздүк салым) | Ижаранын наркы жана баштапкы төлөмдүн өлчөмү каржылоо булактарын, курулуштун же даяр турак үйдү сатып алуунун наркын эске алуу менен МИКтин өзүнчө чечими менен белгиленет |
| 11 | Турак үйдү ижарага берүү боюнча шарттарды өзгөртүү | Эки айдан кем эмес өлчөмдөгү сумма төлөнгөн шартта ижара турак үйүн сатып алуу мөөнөтүн азайтууну эске алуу менен (ижарачынын каалоосу боюнча) учурдагы график боюнча келечектеги төлөөнүн эсебине ижара акысын төлөө мүмкүнчүлүгүнө жол берилет.<br>Графикке ылайык ижара төлөмдөрүнүн толук суммасын төлөө жолу менен бүтүм жасалган учурдан тартып ижара турак үйүн мөөнөтүнөн мурда сатып алуу мүмкүнчүлүгүнө жол берилет |
| 12 | Камсыздандыруу | "Турак жайды өрттөн жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык ижарадагы объекттерди милдеттүү түрдө жыл сайын камсыздандыруу |
| 13 | Катышуучуларга мониторинг жүргүзүү | МИК ижара келишиминин шарттарына ылайык ижара объектин максаттуу пайдаланууга жана талаптагыдай күтүүгө мониторинг жүргүзөт |
| 14 | Катышуучунун, катышуучунун жубайынын жана кепилдик | Өтүнмө берген учурга чейин 3 (үч) жыл ичинде терс кредиттик таржымалынын жоктугу, атап айтканда: |

| | | |
|---|---|---|
| | берүүчүнүн/гаранттын кредиттик таржымалы | - учурдагы мөөнөтү өтүп кеткен милдеттенмелердин жоктугу;<br>- карыздын суммасын өндүрүү, ошондой эле кредиторлордун пайдасына мүлккө камак салуу жөнүндө соттордун чечим чыгарган учурларынын жоктугу |
| 15 | "Кийин сатып алуу менен ижара турак үйү" механизминин алкагында Программага катышуу | Программага катышуучу жубайы менен бирге "Кийин сатып алуу менен ижара турак үйү" механизминин алкагында турак үй менен бир жолудан ашык эмес камсыз кылынат |
| 16 | Кепилдик берүүчүгө/гарантка коюлуучу талаптар | Эгерде Программанын катышуучусу катталган никеде болсо, туруктуу кирешеси бар-жогуна карабастан анын жубайы да милдеттүү түрдө кепилдик берүүчү болуп калат |

## 6-глава. МИК-ТАКК ипотекалык кредитти каржылоо шарттары

| № | Параметрлер | Эскертүү |
|---|---|---|
| 1 | Программанын катышуучусу (максаттуу топ) | "Жеңилдетилген ипотека" жана "Арзан ипотека" турак жайын каржылоо багыттары боюнча тандоо критерийлерине жооп берген, ТАКК менен башкы макулдашуу түзгөн жарандар |
| 2 | Ипотекалык кредиттин максаттуу багыты | Турак үйдү сатып алуу, этабы менен каржылоо механизмдерин пайдалануу аркылуу жашаган жери боюнча калктуу конуштагы жер участогу бар болсо, турак үй (жеке турак жай) куруу.<br>Программанын катышуучусунун үй-бүлөсүнүн сатып алынган/курулган турак үйдө жашоосу милдеттүү шарт болуп саналат |
| 3 | Ипотекалык кредитти берүү формасы | Катышуучунун өнөктөш банктагы банктык эсебине акча каражаттарын чегерүү аркылуу накталай эмес форма |
| 4 | Ипотекалык кредитти берүүнүн мөөнөттөрү | Турак жай-аманат салымынын (депозитинин) келишиминин суммасынан 30%дан кем эмес топтолгон учурдан тартып баалоо көрсөткүчү жана/же күтүү мезгили менен аныкталат |
| 5 | Ипотекалык кредиттин валютасы | Кыргыз сому |
| 6 | Ипотекалык кредиттин суммасы | "Арзан ипотека" турак жайын каржылоо багыты боюнча:<br>- 5000000 (беш миллион) сомго чейин |
| | | "Жеңилдетилген ипотека" турак жайын каржылоо багыты боюнча:<br>- 4000000 (төрт миллион) сомго чейин |
| 7 | Ипотекалык кредиттин мөөнөтү | Салымды топтоо мөөнөтүнө жараша 25 (жыйырма беш) жылга чейин |
| 8 | Ипотекалык кредиттин суммасын аныктоо критерийлери жана катышуучунун төлөө жөндөмдүүлүгү | Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын ченемдик укуктук актыларынын, ТАККнын ички документтеринин жана баалоо көрсөткүчүнүн талаптарына ылайык аныкталат |
| 9 | Комиссиянын түрлөрү жана өлчөмү | Ипотекалык кредитти башкаруу боюнча комиссия жана башка ар кандай төлөмдөр алынбайт |
| 10 | Катышуучунун чыгымдары | Ипотекалык кредитти алуу үчүн күрөө келишимин тариздөө |

| | | |
|---|---|---|
| | | жана каттоо, ошондой эле турак үйдү камсыздандыруу жана кредиттик таржымалы жөнүндө маалымат алууга суроо-талаптар үчүн чыгымдар |
| 11 | Турак үйдү камсыздандыруу | Ипотекалык кредиттин предмети болгон турак үй "Турак жайды өрттөн жана табигый кырсыктардан милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык "Мамлекеттик камсыздандыруу уюму" ААКта жыл сайын милдеттүү камсыздандырылууга тийиш, ошол эле учурда камсыздандыруу суммасы ипотека менен камсыздалган талаптын өлчөмүнөн (суммасынан) кем болбошу керек |
| 12 | Ипотекалык кредитти төлөө тартиби | Ипотекалык кредитти жана пайыздарды төлөө кол коюлган кредиттик келишимге ылайык ай сайын жүргүзүлөт |
| 13 | Ипотекалык кредитти толугу менен же жарым-жартылай мөөнөтүнөн эрте төлөөнүн шарттары | Ипотекалык кредит толугу менен же жарым-жартылай мөөнөтүнөн эрте төлөнгөн учурда комиссия алынбайт |
| 14 | Ипотекалык кредитти реструктуризациялоо шарттары | Жол-жоболору өнөктөш банктын ички талаптарына ылайык. Ипотекалык кредит боюнча пайыздык ставка жогорулаган шартта ипотекалык кредиттин предметин (күрөөнү) алмаштырууга жол берилет.<br>Ипотекалык кредитти реструктуризациялоо үчүн комиссия алынбайт |
| 15 | Пайыздык ставка жана турак жай-аманат салымы (депозит) | Программанын алкагында турак жайды каржылоо боюнча пайыздык ставка мамлекеттин макроэкономикалык саясатын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча жооптуу болгон аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы тарабынан белгиленет.<br>Турак жай-аманат салымы башкы макулдашуунун келишимдик суммасынан 30%дан кем болбоого тийиш |
| 16 | Ипотекалык кредитти камсыз кылуу | Ипотекалык кредит менен сатып алынган турак үй жана ТАККнын күрөө саясатына ылайык башка мүлк.<br>Курулуш мезгилиндеги жер участогу жана курулуштан кийинки жеке турак үй |
| 17 | Ипотекалык кредиттин катышуучуларына мониторинг жүргүзүү | ТАКК ипотекалык кредитти максаттуу пайдаланууга мониторинг, төлөм мониторингин, ошондой эле күрөөлүк камсыздоонун абалына мониторинг жүргүзөт |

Кыргыз Республикасынын
"Менин үйүм 2021-2026" турак
жай программасынын
катышуучуларын тандоо
тартибине
тиркеме

Форма

## Жеке маалыматтар субъектинин өзүнүн жеке маалыматтарын чогултууга, иштетүүгө жана берүүгө МАКУЛДУГУ

Мен,

______________________________________________________________________________

(аты-жөнү)

Кыргыз Республикасында берилген ИЖН:

_______________________________________________

Ким экендигин ырастаган документ:

____________________________________________________

(документтин түрү)

сериясы _________________________ № ______________________

___________________________________________________________________________ берилген

(берилген күнү, берген органдын аталышы)

Иш жүзүндө жашаган дареги:

_________________________________________________________

Катталган жеринин дареги:

__________________________________________________________

Байланыш телефону:

_______________________________________________________________

Электрондук почтасы:

_______________________________________________________________

Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Токтогул көчөсү, № 228 дареги боюнча жайгашкан "Мамлекеттик ипотекалык компания" ачык акционердик коомуна операциялардын төмөнкүдөй түрлөрүн жасоого эркин, аң-сезимдүү түрдө, өз эрким менен макулдук берем:

- Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынан, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынан, кредиттик бюролордон менин жеке маалыматтарым жана жашы жете элек үй-бүлө мүчөлөрүмдүн жеке маалыматтарын сурап алууга;

- менин жана жашы жете элек үй-бүлө мүчөлөрүмдүн жеке маалыматтарын иштетүүгө (аткаруу ыкмасына карабастан, жеке маалыматтардын кармоочусу (ээси) тарабынан же болбосо анын тапшырмасы менен жеке маалыматтарды топтоо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топтоштуруу, бөгөт коюу, өчүрүү жана бузуу максатында автоматтык каражаттар менен же аларсыз аткарылуучу ар кандай операция же операциялардын топтому);

- жеке маалыматтарды "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана эл аралык келишимдерге ылайык жеке маалыматтарды үчүнчү жактарга (жеке маалыматтардын кармоочусу (ээси) тарабынан) берүүгө;

- жеке маалыматтарды трансчек аралык берүүгө (жеке маалыматтардын кармоочусу (ээси) тарабынан башка мамлекеттердин юрисдикциясында турган жеке маалыматтардын кармоочуларына берүүсү).

Менин үй-бүлөмдүн жашы жете элек мүчөлөрү (аты-жөнү):

1.

______________________________________________________________________________

2.

______________________________________________________________________________

3.

______________________________________________________________________________

4.

______________________________________________________________________________

5.

______________________________________________________________________________

Жогоруда көрсөтүлгөн жеке маалыматтарды турак жай программасына катышуу үчүн иштетүү максатында берем.

Адамды идентификациялоо жана кыймылсыз мүлк жөнүндө маалыматтарды текшерүү боюнча автоматташтырылган электрондук система аркылуу суроо-талаптар боюнча чыгымдарды төлөөгө милдеттенем жана система каттоодон баш тарткан учурда, жүргүзүлгөн суроо-талаптарга акы төлөө боюнча чыгымдардын ордун толтурууга милдеттенем.

Ошондой эле төмөнкүлөрдү ырастайм:

1) "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболору жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы № 759 токтому менен бекитилген Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө анын макулдугун алуу тартибин, алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъектилерине билдирүү тартиби жана формасы менен тааныштым;

2) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук бул макулдашууга кол коюлган күндөн тартып турак жай программасына катышууга менин арызымды/кайрылуумду кароонун бардык мөөнөтүнүн ичинде колдонула тургандыгы менен тааныштым;

3) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук эркин формадагы жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде чакыртып алынышы мүмкүн экендиги менен тааныштым;

4) макулдук кайтарылып алынган учурда менин жеке маалыматтарымды иштетүү "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн экендиги менен тааныштым;

5) берилген документтердин жана көрсөтүлгөн маалыматтардын аныктыгы, турак үйгө кредит берүү программасынын катышуучуларын тандоо критерийлери, ошондой эле ипотекалык кредит берүү шарттары жана турак жайга карата талаптар менен тааныштым;

6) төмөнкү себептер боюнча мобилдик тиркемелер аркылуу жеке маалыматтарды издөөгө макулдук берүү мүмкүнчүлүгү жок:

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

Жеке маалыматтарды коргоо чөйрөсүндө укуктар жана милдеттер тууралуу мага түшүндүрүлдү.

20___-жылдын "___" ______________ ______________________________
(аты-жөнү)

________________________
(колу)

Тапшырылган документтердин аныктыгын ырастайм жана туура толтурулгандыгын текшердим.

______________________________ ______________________________
(колу) (ыйгарым укуктуу жактын аты-жөнү)".